Асан Жансейитов атындагы орто мектеби

# Тарбиялык иштери боюнча өткөн окуу жылынын отчет анализи

**Асан Жансейитов атындагы орто мектебинин 2021-2022- окуу жылына карата тарбия иштерине анализ;**

01.09.21. «1-сентябрь-Билим күнүнө арналган салтанаттуу линейка өткөрүлүп мектеп босогосун жаңы аттаган 1-класстын окуучуларын кучак жая тосуп алдык.2021-2022-окуу жылына 1- класска баардыгы болуп 14 окуучу мектеп босогосун аттады. Салтанаттуу линейка бүткөндөн кийин окуучулар класстарына кирип, ар бир класста «Компьютер менин досум» деген темаларда класстык сааттар өтүлдү.

08.09.21. «Биримдик»уюмунун Президентин,мүчөлөрүн шайлоо жүргүзүлдү жана жалпы добуш менен 9-класстын окуучусу Бектембаев Нурсултан мектеп президенти болуп шайланды. Президент шайланган соң парламент мүчөлөрү дайындалды.

23-сентябрда мектепте Кыргыз тил күнүнүн 29 жылдыгына карата

3-айлык жарыяланып иш чаралар жүргүзүлдү. Планы бекитилип, ачык сабактар,тарбиялык сааттар ,сахна сабактар өткөрүлдү.

25- сентябрда Мамлекеттик тил күнүнө карата көркөм окуу сынагынын ачылышы болуп, окуучулар сынакка активдүү катышууда жана жаны ырларды жаттоонун үстүндө иштешүүдө.

25-сентябрдан 29-сентябрга чейин мектепте «Менин тилим жарды эмес», «Кыргыз тили кылымдарды карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан», «Мен сүйгөн кыргыз тили» - деген темаларда 5-9 –класстар арасында дил баяндар сынагы өтүлүп, жыйынтыгында 9- класстын окуучусу «Мен сүйгөн кыргыз тил» деген темада жазган дил баяны мыкты деп табылып, 1- орунга ээ болду. 9- классынын окуучусу «Кыргыз тили кылымдарды карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан» деген темадагы дил баяны

2- орунга ээ болду. Ал эми 3- орунга 9- классынын окуучусу «Мен сүйгөн кыргыз тили»- деген темада жазган дил баяны мыкты деп табылды. Бул окуучуларга мектеп администрациясы тарабынан мактоо баракчалары тапшырылды.

28- сентябрда 6- классынын класс жетекчиси Мусуралиева Айжамал «Ч.Айтматов дүйнө таанытkан адам» деген темада ачык тарбиялык саат өттү. Тарбиялык саатын жүрүшүндө мугалим интерактивдүү методду колдонуп, Ч. Айтматов жөнүндө көптөгөн маалыматтарды окуучуларга жеткире алды. Жыйынтыгында сабак өз максатына жетти.

10- октябрда 5-9 – класстар арасында кыргыз тили жана адабияты мугалимдери тарабынан уюштурулган «Мыкты рефераттар» жана «Мыкты докладдар» конкурсу жарыяланып, окуучулар сынакка активдүү катышып мыкты рефераттардын, докладдардын үстүндө иштешүүдө.

14- октябрда мектепте Мамлекеттик тил күнүнө карата аткарылган бир айлык иш чаранын жыйынтыгы чыгарылып, экинчи айлыктын иштери жүргүзүлүүдө.

Асан Жансейитов атындагы орто мектеби

# Тарбиялык иштери боюнча өткөн окуу жылынын отчет анализи

**Асан Жансейитов атындагы орто мектебинин 2021-2022- окуу жылына карата тарбия иштерине анализ;**

01.09.21. «1-сентябрь-Билим күнүнө арналган салтанаттуу линейка өткөрүлүп мектеп босогосун жаңы аттаган 1-класстын окуучуларын кучак жая тосуп алдык.2021-2022-окуу жылына 1- класска баардыгы болуп 14 окуучу мектеп босогосун аттады. Салтанаттуу линейка бүткөндөн кийин окуучулар класстарына кирип, ар бир класста «Компьютер менин досум» деген темаларда класстык сааттар өтүлдү.

08.09.21. «Биримдик»уюмунун Президентин,мүчөлөрүн шайлоо жүргүзүлдү жана жалпы добуш менен 9-класстын окуучусу Бектембаев Нурсултан мектеп президенти болуп шайланды. Президент шайланган соң парламент мүчөлөрү дайындалды.

23-сентябрда мектепте Кыргыз тил күнүнүн 29 жылдыгына карата

3-айлык жарыяланып иш чаралар жүргүзүлдү. Планы бекитилип, ачык сабактар,тарбиялык сааттар ,сахна сабактар өткөрүлдү.

25- сентябрда Мамлекеттик тил күнүнө карата көркөм окуу сынагынын ачылышы болуп, окуучулар сынакка активдүү катышууда жана жаны ырларды жаттоонун үстүндө иштешүүдө.

25-сентябрдан 29-сентябрга чейин мектепте «Менин тилим жарды эмес», «Кыргыз тили кылымдарды карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан», «Мен сүйгөн кыргыз тили» - деген темаларда 5-9 –класстар арасында дил баяндар сынагы өтүлүп, жыйынтыгында 9- класстын окуучусу «Мен сүйгөн кыргыз тил» деген темада жазган дил баяны мыкты деп табылып, 1- орунга ээ болду. 9- классынын окуучусу «Кыргыз тили кылымдарды карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан» деген темадагы дил баяны

2- орунга ээ болду. Ал эми 3- орунга 9- классынын окуучусу «Мен сүйгөн кыргыз тили»- деген темада жазган дил баяны мыкты деп табылды. Бул окуучуларга мектеп администрациясы тарабынан мактоо баракчалары тапшырылды.

28- сентябрда 6- классынын класс жетекчиси Мусуралиева Айжамал «Ч.Айтматов дүйнө тааныткан адам» деген темада ачык тарбиялык саат өттү. Тарбиялык саатын жүрүшүндө мугалим интерактивдүү методду колдонуп, Ч. Айтматов жөнүндө көптөгөн маалыматтарды окуучуларга жеткире алды. Жыйынтыгында сабак өз максатына жетти.

10- октябрда 5-9 – класстар арасында кыргыз тили жана адабияты мугалимдери тарабынан уюштурулган «Мыкты рефераттар» жана «Мыкты докладдар» конкурсу жарыяланып, окуучулар сынакка активдүү катышып мыкты рефераттардын, докладдардын үстүндө иштешүүдө.

14- октябрда мектепте Мамлекеттик тил күнүнө карата аткарылган бир айлык иш чаранын жыйынтыгы чыгарылып, экинчи айлыктын иштери жүргүзүлүүдө.

1- октябрь Карылар күнүнө арналган иш-чара уюштурулуп: «Кайрымдуулук» акциясы өткөрүлдү. Бул акцияга 8-9- класстын окуучулары жана парламент катышып,айылдагы кары-картаңдарга жардам көрсөтүлдү.

«Мыкты китептер», «Мыкты күндөлүк», « Эң таза класс» аттуу номинациялар менен мектеп ичинде рейддер өткөрүлдү .Мектеп ичинде «Эң таза класс» деп 1-4-класстар табылды,ал эми жогорку класстардан 7- класс табылды.«Мыкты күндөлүк» деп 6-класста окуган Жумадилова Айгерим,Ибрагимова Аделина жана Мукалаңова Акылай. 8-класста Абдыбекова Айша, Жанапилова Сезим, 5-класстын окуучусу Шаршенбекова Альбина, Сагынбеков Амарали, Тынайбеков Рамазандардын күндөлүктөрү табылды.Мыкты деп табылган класстар жана окуучулар «Ардак мактоо» баракчалары менен сыйланышты.

Октябрь айынын биринчи жумасында Мугалимдердин кесиптик майрамына карата парламент жана мектеп окуучулары тарабынан «Дублерлор» күнү уюштурулуп,окуучулар 8.00 дөн баштап мектеп астында жандуу өтмөк уюштуруп,ар бир мугалимди гүл жана чын жүрөктөн жазылган открыткалары менен музыканын коштоосунда тосуп алышты жана ошол күнкү сабактарды окуучулар өтүп беришти.

26.10.20.Эмгекке үйрөтүү сабагынан 1-7-класстар арасында «Жаратылыш жана мен» деген темада күзгү композиция уюштурулду.Табигый каражаттар менен иштөө балдар үчүн кыйла кызыгууну жаратты.Алардын табылышы дагы оңой.Бизди курчап турган жандуу жана жансыз жаратылыштын кооздугу адамды таң калтырбай койбойт. Окуучулар бул көргөзмөдө жаратылышта ар кандай формада жаралып калган картошка, алма, ашкабак жана башка жер жемиштерди айбанаттарга окшоштуруп көргөзмөлөргө коюшкан. Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери тарабынан «Эне тилдин ээси –эл» аттуу көркөм окуу сынагы өткөрүлдү. Жеңүүчүлөр аныкталып, ардак мактоо баракчалары берилди.Музыка мугалими тарабынан «Мекен жөнүндө ырлар, макал-лакаптар»темасында чыгармачылык кечеси уюштурулду.

«Алтын күз» майрамына карата 31-октябрда 1-9-класстар арасында «Күзгү ярмарка 2021» уюштурулуп,ар бир класстын фонду түзүлдү.Ал эми 18.00до 7-9-класстардын катышуусу менен «Күз ханышасы, күз падышасы»оюн зоок программасы уюштурулду. «Күз падышасы» болуп 9-класстын окуучусу табылды.

30 – ноябрда окуучулар арасында «Менин мекеним Кыргызстан» деген темада тарбиялык саат өтүлдү жана жат жазуу,дилбаяндар уюштурулду .Окуучулар Мекен жөнүндө ыр саптарын окушту жана макал-лакаптарды,жаңылмачтарды айтышты. Интерактивдүү доска менен «Мекен чегинде» аттуу кино тасма көрсөтүлдү.Тасмадан окуучулар мекенди сүйүү, патриоттуулук жана мекенди коргоо боюнча тарбия алышты. Ата-энелер арасында Балдардын коопсуздугу боюнча иш-чаралар өтүлдү.Анда ата-энелер, окуучулар жана мугалимдер менен үч тараптуу келишим түзүлдү .Ал төмөнкүдөй: ар бир ата-эне менен үч тараптуу келишим түзүлгөн окуучу мектептен үйгө баргандан кийин ата-эненин мобилдик телефону аркылуу класс жетекчисине үйгө жеткендиги тууралуу маалымат берүүсү шарт жана милдеттүү.

01.12.21 «СПИД коркунучтуу дарт»деген темада 9- класстын класс жетекчиси Абдулаева Гүлнара окуучулар арасында тарбиялык саат өткөрдү .21-кылымдын чумасы аталган СПИД оорусу боюнча 5-9-класстар арасында интерактивдүү доска менен видео роликтер көрсөтүлдү. 8 -9 -класстын окуучулары СПИД боюнча даярдап келген сценка

көрсөтүштү.Жыйынтыгында окуучулар СПИД дартын болтурбоо жана ага каршы күрөшүү боюнча кенен маалымат алышты.Активдүү катышкан окуучуларга мектеп администрациясы окуучулар жана мугалимдер жамааты ыраазычылык сөздөрүн айтышты.

7 – декабрда «Адамдын укугу деген эмне?»деген темада мектептин соцпедагогу Джамангулова Калира 5-9-класстар арасында тарбиялык саат өттү .Бул сабакта адамдардын укугу тууралуу кененирээк маалымат берилип өттү жана интерактивдүү доска аркылуу катышкан жалпы окуучулар жана мугалимдер «Менин укугум»деген темада чакан даярдалган видео ролик көрсөтүлдү.Андан сон окуучулар жана мугалимдер арасында өз ара талкуу жүрдү. Жыйынтыгында окуучулар ар биринин кандай укуктары бар экендиги жана аны коргой билишти үйрөнө алышты. 7 - декабрда 6- классынын класс жетекчиси Мусуралиева Айжамал «Жол коопсуздугун сактайлы!» деген темада ачык тарбиялык саат өттү.

14 – декабрда «Жол эрежесин сактайлы!» деген темада башталгыч класстарынын мугалимдери 1- 4 – класстарга ачык тарбиялык саат өтүштү. Жыйынтыгында тарбиялык сааттын жүрүшүндө, окуучулар жол коопсуздугу эрежелерин атайы орнотулган жол белгилерин колдонуп, жолдо жүрүү эрежелерин аткаруу аркылуу үйрөнүштү. Тарбиялык сааттын уюштуруучулары жолдо жүрүү эрежелерин сактоо багытында атайы колдонмо көргөзмө куралдарды жасашып, алар аркылуу сабак өткөндүктөн, сабак окуучуларга, сабакка катышкан мугалимдерге да абдан таасирдүү болду.Тарбиялык сааттан окуучулар жол коопсуздугу багытында кеңири түшүнүк ала алышты. 14 – 19 – декабрда “Абайла жол тайгак!” деген темада окуучуларга класстык сааттар өтүлүп, окуучулардын коопсуздугун сактоо максатында түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Мектепте жол коопсуздугун алдын алуу максатында ата – энелер чогулушу болуп өттү. Чогулушта ата - энелердин милдеттери айтылып, балдарын кечинде көчөгө чыгарбай, көзөмөл жүргүзүп туруусу милдеттендирилди жана ошондой эле башталгыч классынын ата – энелерине сабактан кийин өз балдарын, мектептен үйлөрүнө өздөрү алып кетүү жагы сунушталды.

18 – декабрда мектепте келе жаткан Жаңы жыл майрамына алдын алуу иштери жүргүзүлдү. Мектеп администрациясы жана класс жетекчилер тарабынан окуучуларга техникалык коопсуздук эрежелери боюнча маалыматтар берилип түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү жана ошондой эле жаңы жыл күнү окуучулардын машина айдап чыкпоосу айтылып, кечки саат 19.00дон кийин көчөгө баспай, үйдө ата –энелеринин көзөмөлүндө болуш керектиги жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

28- декабрда «Кел, жаңы жыл» Жаңы жылга карата Балаты майрамы өткөрүлдү. Буга жооптуу 1-9-класстын класс жетекчилери жана тарбия завучу Джамангулова Калира тарабынан спорт залга балаты кооздолду. Дубал газеталар илинди. Майрамдык кече абдан жакшы өттү, жыйынтыгында окуучулар жана ата – энелер тарабынан ыраазычылык сөздөрү айтылды. Майрамдык кечеге ата-энелер,мугалимдер жана окуучулар келип күбө болушту.Майрамдык кече эң жакшы деңгээлде өттү. 1-орунга 9-класс татыктуу болуп мектеп администрациясы тарабынан сыйлуу белектерге ээ болушту.2-орунга 9-класс татыктуу болуп, граммотага ээ болушту.

Өлкөдө болуп жаткан кырдаалга жана карантинге байланыштуу мектептеги тарбиялык иш-чаралар онлайн түрүндө окуучуларга өтүлдү. Класс жетекчилер жана мектеп администрациясы тарабынан окуучуларга карантин учурунда көчөгө чыкпоого, карантин учурунда эрежени так сактоого,өздүк гигенаны сактоо керектиги жана ар бир

окуучу ата-эне тарабынан көзөмөлдөө керектиги тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,микроучастоктор боюнча рейддер жүргүзүлүп,ата –энелерден түшүнүк каттар алынды.

23-апрель Бүткүл дүйнөлүк китептер күнүнө карата 1-класстын мугалими «Китептер күнү», 2-класстын мугалими «Китептин келип чыгуу тарыхы», 4-класстын мугалими Джамангулова К «Китеп менин досум», 8-класстын мугалими Көчөрбаева Г «Китептер күнү» деген темада видеосабактарды жасап, окуучуларга тарбиялык сааттарды өтүштү.

Апрель айында ички жана тышкы мигранттар боюнча окуучулардын үйлөрүнө көзөмөлдөө боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары Джамангулова К жана соц педагог менен биргеликте рейд жүргүзүлдү. Жыйынтыгында окуучулардын жашоо шарты, ким менен жашап жаткандыгы,ден соолугу ,окуучунун маанайы текшерилди.

Апрель айында «Сен жалгыз эмессиң» деген темада 8-класстын класс жетекчиси Көчөрбаева Г тарбиялык саат өттү. 7-класстын класс жетекчиси Мусаходжоев Э.Ж «Сен жалгыз эмессиң» деген темада тарбиялык саат өтүп,балдардын жашоого болгон көз карашын,өмүр абдан маанилуу экендигин баса белгилөө менен окуучуларга суициддин алдын алуу боюнча тарбиялык сааттар өтүлдү.

Улуу Ата Мекендик согуштун 76 жылдыгына карата окуучуларга онлайн тарбиялык сааттар өтүлдү. Алар: 1-класстын класс жетекчиси Жолдошбекова Г «Жениш күнү»,

3-класстын класс жетекчиси Мурсаева Гүлназ «Улуу Ата мекендик согуш», 4-класстын мугалими Джамангулова К « Улуу жениш», 6-класстын мугалими Мусуралиева А.Д «Жеңишке 76жыл», 7-класстын класс жетекчиси Мусуралиева А «Согуш жылдары», Окуучулар согуштун 76 жылдыгына карата көркөм окууларды, башталгыч класстын окуучулары сүрөттөрдү тартышты.

Окуучулардын өмүр коопсуздугу үчүн ата энелердин балдарга болгон жоопкерчилигин күчөтүү максатында класс жетекчилер тарабынан балдардын үйлөрүнө рейд жүргүзүлүп, баланын өмүр коопсуздугуна, эс алуу жерлерге, тоого,көлгө жибербөөгө,баланын коопсуздугуна ата-эне өзу жоопкерчиликтүү экендиги тууралуу түшүнүк каттар алынды.

Өлкөдө болуп жаткан карантинге жана өзгөчө кырдаал мезгилинде ар бир класс жетекчи окуучулар менен тыгыз байланышта болуп, күн сайын көзөмөлдөө иштери жүргүзүлүп турду.